# Кыргыз Республикасынын мамлекеттик патентик-техникалык китепканасы

**Справкалык-маалыматтык тейлөө бөлүмү**

# Кыргыз Республикасында тамеки тармагын өнүктүрүү

**Обзордук маалымат**

**Бишкек-2014**

Тамеки өндүрүү агротүзүлүш республикада мурда эле бекем түптөлгөн. Ал эми Ош жана Жалал-Абад областында тамеки айыл-чарба маданиятынын негизи болгон. Азыркы күндө тамеки тармагы Кыргызстандын айыл-чарбасында чет элдик инвесторлорду тартуу үчүн да башкы тармак болуп саналат.

МПТКнын справкалык-маалыматтык тейлөө бөлүмү төмөнкү темада обзордук маалыматты даярдашты.

**Кыргыз Республикасында тамеки тармагын өнүктүрүү**

Обзордук маалымат окурмандардын кеңири бөлүгүнө; студенттерге, башка тармактын адистерине багытталып, алардын суроо-талаптарына толук жооп берет деп ишенебиз.

Обзордук маалымат жергиликтүү басманын негизинде даярдалып, справкалык-маалыматтык материалдарды өз ичине камтыйт жана төмөнкү бөлүктөрдөн турат:

**1.Тамеки тармагын өнүктүрүүнүн тарыхы.**

**2.ААК «Реемстма Кыргызстан» - тамеки тармагын алып баруучу компания**

**3.Колдонулган адабияттардын тизмеси.**

Берилген маалыматтар менен сиздер МПТКдан төмөнкү дарек боюнча тааныша аласыздар. **Бишкек шары. Эркиндик 58-А,221бөлмө, тел: 66-46-59. СМТБ**

**e-mail:gptbkr@rambler.ru.**

**Түзгөн: Алымкулова А.А.**

**Которгон: Жумалиева Т.Ө.**

## Тамеки тармагын өнүктүрүүнүн тарыхы

Ата Мекендик тамеки өндүрүүнүн тарыхы 1899-жылы биринчи пайда болгон. Ал убакта тамеки өстүрүү негизинен «насвай» даярдоодон башталган, ал тамеки чыкканына карабай азыркы күндө да кеңири пайдаланылып келет.

Тамеки өндүрүү айыл-чарбасынын тармагы катары 1931-жылы республикадагы биринчи «Киргизия» тамеки өндүрүү совхозу түзүлгөн коллективдештирүүнүн башында 30-жылдары республикада 70миң тонна тамеки сырьосу –Чүй, Талас өрөөнүндө жана Ош областында чыгарылган. Анда айдоо аянты 83%ти ээлеген, 17% «Талгар» жана «Америка» сорттору болгон. 1976-1980- жылдары мамлекетке 180миң тонна тамеки сатылган. «Кыргызтамекиси » ЖАКнун директорлор кеңешинин мүчөсү А. Ахматжановдун айтуусуна караганда ССРдин шартында республикада жылына 70 миң. тонна тамеки жана 4 ири тамеки заводу иштеген.

Жарык күнү Кыргызстанда жер-кыртыштык шарты жогорку сапаттагы жана никотини азыраак сырьону өстүрүүгө мүмкүн, ошондуктан тамеки өстүргөн совхоз жана колхоздордун кулашы менен фермерлер дагы да өздөрүнүн жер үлүштөрүнө тамеки өстүрүп келишет. Айыл-чарба министирлигинин билдирүүсү боюнча 2006-жылы валдык жыйноо 13миң. тонна, 2007-жылы 14 миң, 2008-жылы 13миң, 2009-ж 12 миң, ал эми 2010-жылы 9миңге чейин түшүп кеткен.

Азыркы учурда фермерлердин айдоо аянттарын 7 миң гектарга чейин көбөйтүүгө чакырып жатышат, анткени тамеки өстүрүү тармагы агрардык сектордо көйгөйү азыраак: тамеки көп эмгекти талап кылса дагы аны өндүрүү маселеси башка айыл-чарба маданиятына салыштырмалуу оңой.

Албетте тамеки тартууга каршы чыккандардын көпчүлүгү: бизге тамеки өндүрүүнүн кереги эмне деши мүмкүн, анын таптакыр жоюлушу андан да жакшы болмок. Бирок эске алсак тамеки тарткан адамдар ошол замат эле тамеки тармагы менен кошо Кыргызстандан жоголуп кетпейт да. Бул жерде ден-соолукту чыңдоону түшүндүрүү жана калктын ден-соолугун чыңдоо боюнча программа киргизүүнү пландаштыруу керек. Суроо берсек эгер Кыргызстанда тамеки өндүрүү тармагы түп тамырынан бери жоюлса эмне болот?

Жооп айкын:

- Ата Мекендик продукциянын ордун коңшуларыбыз өндүргөн импорттук тамекилер ээлейт;
- Биздин тамеки тарткан калктын катмары кымбат тамеки алууга мүмкүнчүлүктөрү жок, айла жок контрабандалык тамекиге же насвай тартууга муктаж болушат, ал тамекиден да зыяндуу;
-тамеки өстүрүп жаткан фермерлердин көбү жашаганга каражаты жок калат, азыркы убакта алар жыйнаган түшүм сатылып алынат деп ишенишет, анткени аларда фьючерстик келишимдер бар;

- Кыргызстандын түштүгүндө ферментативдик заводдордо жана Бишкектеги фабрикаларда жумушчулардын көп саны жумушсуз жана жашоого каражаты жок калат;
- мамлекеттик бюджет да солгундоого учурайт, тамеки тармагынан түшкөн салык абдан азаят;
- контрабанда көбөйүп мамлекеттик бюджетке залакасын тийгизет анткени, контрабанда жолу менен сатуудан түшкөн продукция казнадан сыртка кетет.

Экономиканын тамеки секторун өндүрүү жана сактоо үчүн акциздик салык салууда жаңы кадамдарды таштоо керек.

Кыргыз Республикасынын экономиканы жөнгө салуу министрлиги тамекиге акциздик салыкты көтөрүүнү сунуштайт. Бул система Евросоюз өлкөлөрүндө, Россия жана Украинада жайылтылган. Акциздик салык системасы деген эмне?

Берилген системанын да бекитилген негизги принциби:
- 1000шт тамекиге өзгөчө элемент (Фиксированный баасы) каралган жана адвалоремдик элемент ( проценттик жогорулоосу) тамекинин баасына карата болот;
- мамлекет үчүн таасирлүү жана ыңгайлуу бюджеттин бир бөлүгүн толтурууда жөнөкөй администрациялоодо;
- социалдык жактан калыс (баасы жогору болсо, салык жогору);
-базарда ар-бир катышуучуга тең мүмкүндүк берет. (өндүрүүчү, импортер);
-мамлекетке жана кардарга тамекинин баасын билүүсү жеңиш, анткени анын максималдуу баасы сыртына жазылат. (упаковкада көрсөтүлгөн тамекини сатууга болбойт);
- кардарлардын укуктарын баанын өсүүсүнөн коргойт;
- пачкада бааны өзгөрткөндөн кийин гана көтөрүүгө болот;
-баанын күтүүсүз өсүүсүнөн сактайт.

Эң башкысы бардык тамекинин түрүнүн кымбаттоосуна жараша мамлекет бирдей салык төлөм алат. Эгер 2010-жылы ААК «Реемстма-Кыргызстандан» гана 165 миң. сом акциздик салык алган болсо, айкалышкан системадан акциздик салыктын түшүүсүн эки эсе импортту эсепке албай көбөйтсө болот.

Ошондуктан биздин депутаттардын көңүлүн акциздик салыктын айкалышкан системасын тамеки кластеринин өнүгүүсүнө пайдаланууну күчөтүү керек. Биз көргөндөй азыркы татаал мезгилде , мамлекетте бюджет каражатынын жетишсиздиги, коомдо жумушсуздук маселеси курч алып турган мезгилде, өнөр жай ишканаларынын зор көлөмү иштебей турганда жана экономика кризисте турганда дагы бир бюджетти толтуруучу тармакты Кыргызстанда жоготуу өтө актуалдуу маселе. Эгерде мамлекет чынында эле инвесторлорду тартууну көздөсө анда республиканын экономикалык аянтында иштеп жаткан инвесторлор жөнүндө кам көрүүсү керек. Анткени, алар Кыргызстанда иштөө керекпи же жокпу деп багыт алган келечектеги инвесторлордун барометри болуп саналат.

Ар бир экономикасы туруктуу өнүксүн деген өлкө «номер» тартибине карай жол тартат. Инвесторлорго туруктуу, таза жана биздин өлкөдө иштеп

калуулары үчүн шарттарды түзүп берүү керек. Жагымдуу шарттар болбосо - өлкөдө инвесторлор болбойт.

## ААК «Реемстма Кыргызстан» – тамеки тармагын алып баруучу компания

Тамеки тармагында ийгиликтүү иштеп жаткан чоң ишканаларды санап чыксак болот. 1932-жылы Фрунзедеги тамеки-ферментативдик заводу курулган. 1935-жылы Фрунзедеги тамеки фабрикасы. 1945-63ж.ж Кызыл-Кыяда 800 тонна өлчөмүндөгү тамеки сырьосун чыгарган тамеки заводу иштеген, Кызыл-Кыялык 6000 тонна жылына тамеки сырьосун кайра иштетүү боюнча ферметативдик завод иштеген.

Азыркы учурда тамеки тармагында ийгиликтүү иш алып барган ишкана болуп ААК «Реемстма-Кыргызстан» иштейт. Республиканын тамеки секторуна Европадан түз инвестицияны тартуу менен Кыргызстанда заманбап жана жетишкен ишкана кура алган.

«Реемстма- Кыргызстан» – «Реемстма Сигареттен Фабрикен Гм БХ» (Гамбург) германиялык фабрикасы менен биргелешкен ишкана, ал дүйнөдөгү Imperial Tobacco Group жана МАК «Кыргыз тамекиси» ири тамеки гигантына карайт.

Азыркы күндө биргелешкен долбоор Кыргызстанда алтын өндүрүшүнөн кийинки жалпы көлөмү 60млн. АКШ долл. ири чет элдик инвестицияны салуу болуп саналат. Алгачкы инвестициялык компаниялар 1998-жылы түзүлгөн. Ошондон бери компания Бишкек шаарынын Чыгыш промзонасына тамекини кайра иштетүү жана өндүрүү боюнча жаңы технологиядагы фабриканы курган. Ал 2000-жылы ачылып азыркы күндө кубаттуулугу 12,5 млрд. тамеки өндүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар.

Компаниянын иштери түзүлүп жаткандыгыгнын бирден-бир артыкчылыгы улуттук ресурстарды ири пайдалануу болуп саналат – жергиликтүү жумушчу күчүн, сырьолорду жана тейлөөлөрдү. Алар тамеки өстүрүү менен алектенген фермерлер жана ферментативдик өндүрүш, жарнама агентствосунун кызматкерлери жана соода чөйрөсүнүн өкүлдөрү, печатниктер. Азыркы учурда ата мекендик ири тамеки өндүрүшү 34 мил. тоннадан ашык тамекини иштеп чыгарышкан, ушундай жол менен өзүбүздүн тамекиге негизги кардар болуп калды.

Компаниянын өзү Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнө жеке эле жалпы салыкты төлөбөстөн көптөгөн өндүрүшкө, социалдык максатта укмуштай салым кошкон.

ААК «Реемстма -Кыргызстан» ири салык төлөөчү, 1977-2010ж.ж чейин ишканаларга республикалык бюджетке 3,8 млрд.сом төлөнгөн. Ишкана жылына Кыргызстандын мамлекеттик бюджетине акча которуп турат. Эгер 1997-жылы ишкана жаңыдан ишке киришкен болсо, мамлекеттик бюджетке 10,9 млн.сом төлөнгөн, акыркы 5 жылда төлөмдөр жүз эсеге өскөн: 2006-

жылы 334,7 млн.сом,  2007-жылы -336,1 млн.сом,  2008ж-366,3 млн.сом, 2009-ж 360,7 млн сом,  2010-ж 426,5 млн.сом түшкөн.

Кыргызстандын түштүгүндө  чыгарылган тамекинин бардык көлөмү ААК «Реемстма -Кыргызстанга»  кирген  «Империал Тобакко Груптан» алышат.

Мындан тышкары, сатып алуу көлөмү  жылына 10 миң тоннага  жеткирүү пландаштырылууда  (мурда 7 миң тонна).

Компаниянын өзү жеке эле салык төлөмдөрүн төлөбөстөн, көптөгөн өндүрүштүк, социалдык жана  гуманитардык  максатка багытталган төлөмдөрдү төлөө менен Кыргызстандын экономикасынын өсүүсүнө салым кошот. «Реемстма-Кыргызстан»  бардык жылга салык түрүндө гана 30 млн. АКШ  долларын төлөгөн. Андан сырткары, ал тамеки өндүрүүнү өзгөчө жергиликтүү  тамекини жакшыртууга  тырышат (фермерлерге  жаңы технологиянын  процесстерин иштеп чыгуу боюнча тренинг, семинарларды кайтаруусуз укуктарды берүү жолу менен өтөт.)

Бул тамекинин болгон сортунун  сапатын жакшыртуу, ошондой эле батыштын  жаңы сортторун  Мисалы; «Басма» сортун  республиканын жакыр аймактарына таратуу максатында жасалган иш.  Жергиликтүү тамеки  эл аралык базарга багыт алып өзүнүн экспорттук потенциалын   көтөрөт. «Реемстма» өзү кыргыз тамекинин  үчтөн бир бөлүгүн сатып  алышат, бул фабриканын  өндүрүүчү тамеки сырьесунун 65% ин түзөт. Өндүрүлгөн продукцияны  соода тармгында сатууга жана жыйынтыктуу  маркетингдик программаларды уюштурууга көп күч сарпталды. Иштин башында эле компания аркандай соода  точкаларында продукцияны сатууну жөндөштүрүүгө багытталган бир катар   программаларды коё берди.Программаны географиялык жактан караганда Кыргызстандын калк жашаган пункттары, шаарлар курчап турат.

Акыркы жылдарда  маркетингдик көрсөткүчтөрдүн жыйынтыгына таянсак сатуу көлөмү бир топ  өсүп, чыгашасыз өндүрүштүн  деңгээлине чыгууга мүмкүндүк берген.

Программаны ишке ашыруу аймактардагы компаниянын өкүлдөрүнө жүктөлгөн. «Реемстма - Кыргызстан» Орто Азиядагы  Imperial Tobacco Group тобуна кирет.

Дүйнөлүк экономиканын позициясы менен, бул эл аралык башкы түзүмүнүн көзөмөлүнө алынган стандарт.  Компания жергиликтүү кардарларга да өз продукцияларын : «Народный», «Поло», «Босс», «Роял Легенд» жана башка көптөгөн  аты чыккан «Давыдофф» камсыздоого умтулат.

Компания улуттар аралык “Imperial Tobacco Group” тобуна кирет. Дүйнөлүк экономиканын позициясы  менен, бул эл аралык башкы  түзүмүнүн көзөмөлүнө алынган стандарт. (Эмгекти уюштуруу, техникалык жабдуу, сапатын көзөмөлдөө нормативдик талаптар чөйрөсүндө). Ошондуктан Германияда, Россияда жана  Казахстанда «Реемстма» фабрикаларында өндүрүлгөн тамекинин биринен айырмачылыгы жок. Өлкөнүн аймактарынан өндүрүлгөн продукция, эл аралык  элита брендинен  эч айырмасы жок. «Реемстма-Кыргызстан», фабрикаларында өндүрүлгөн продукциянын бири-

биринен айырмасы жок. «Реемстма-Кыргызстан» фабрикасынын продукциясы бардык жагынан эл аралык стандартка жооп берет.

Азыркы күндө классикалык германиялык сапат менен алып баруучу технология жана жогорку класстагы менеджер аркылуу тастыкталганын четке кага албайт. Компаниянын аздыр-көптүр ийгилигинин фактору– адам ресурсу. Азыр фабрикада 800дөн ашык адам эмгектенет. Бардыгы Кыргызстандын атуулдары .

«Реемстма –Кыргызстандын » айлык акысы жана иш көлөмү жагынан бардык кызматкерлеринин кызыкчылыгы менен дал келген өндүрүштүк ишкана. Бул жерде социалдык камсыздоо, медициналык көзөмөлдөн өтүү, сапаттуу тамактануу, эс алуу каралган. Кызматкерлердин ортосундагы жакшы мамиле да компанияда жагымдуу шартты түзөт.

«Реемстма -Кыргызстан» – жеке гана иш менен алектенбестен, Кыргызстандын коомдук жана маданий жашоосуна катышып, ар кандай социалдык абалдагы калктын катмарына жардам берет: социалдык багыттагы обьектилерге, спорт, маданий-уюштуруу иштерине, жеке жактарды колдоого (ардагерлер, инвалиддер, согуштун ардагерлерине) жардам берет. Ишкана өнүгүүнүн туура жолун тандаганын моюнга алуу менен ушундай ири ААК «Реемстма-Кыргызстан» Кыргызстандын экономсикасын өнүктүрүү локомативи болот.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси:

**1.**Акенеев Ж. Развитие табачной отрасли Кыргызстана или ее полное уничтожение?//Вечерний Бишкек.-2011.-21 апреля.-С.4.

**2.**Акматбаев У. Реемстма-немецко-кыргызская компания//Диалог цивилизаций.-2010.-№10.-С.107-113.

**3.**Байрамукова И. Дело – табак! Табаководство может стать бурно развивающейся отраслью//Деловой собеседник.-2013.-№27.-С.31.

**4.**Исаков А. «Реемстма-Кыргызстан» - пример для других //Вечерний Бишкек.-2009.-2 марта.-С.4.

**5.** Шепеленко А. Табачная индустрия становится на ноги //Слово Кыргызстана.-2011.-16 декабря.С.8.